БЕКИТИЛДИ.
Мектеп директору: _____ А.Тутуева
15-март № 121/1 буйругу менен

ӨЗҮН-ӨЗҮ БААЛОО БОЮНЧА ОТЧЕТ

“Бахмал”№45 орто жалпы билим берүүчү мектеби мекемеси
(билим берүү уюмунун толук аталышы)

ПРОГРАММАЛЫК АККРЕДИТАЦИЯЛОО

1. Киришүү

Киришүүдө төмөнкү маалыматтар көрсөтүлүшү керек:

- Билим берүү уюмунун (мындан ары - БУ) түзүлүшү жөнүндө кыскача маалымат (мамлекеттик каттоо/юридикалык жакты, уставды кайрадан каттоо жөнүндө күбөлүктүн көчүрмөлөрүн тиркөө);
- БУ кыскача тарыхы:

Мектеп 1956-жылы ашар жолу менен салынып, 1956-жылга чейин Г.С.Титов атындагы орто мектеби болуп турган. 2006-окуу жылында Өзгөн райондук билим берүү бөлүмүнө 96-мектеп болуп катталып, “Бахмал” №45 орто мектеби болуп аталган. Окуучулар өзбек тилдүү мектептен кыргыз тилдүү мектепке өтүшкөн. к. 2008-жылкы жер титирөөдөн өзгөчө кырдаалдар министирлиги тарабынан окуганга мүмкүн эмес деген жыйынтык чыгарган. 2016-жылдын февраль айында жаңы мектептин курулушу башталып, 2016-жылдын 25-ноябрында 275 орундуу 2 кабаттуу мектеп ишке киргизилди. Мектептин уставы биринчи жолу юридикалык каттоодон 10-октябрь 2005-жылы өткөн. Кайра каттоодон 2012-жылдын 1-мартында өткөн. Каттоо номери: 1215083306-М-е

- БУнунмиссиясы; Мектептин материалдык – техникалык, окуу-материалдык базасын чыңдоо менен сапаттуу билим берүүнү камсыздоо.
- БУнун жетекчисинин аты-жөнү жана анын байланыш үчүн маалыматы (телефон номерижана e-mail);

Тутуева Алмагүл Мусаевна, тел.(0772) 729203, e-mail:almagul-kutman@mail.ru

- Билим берүү ишмердүүлүгүн жүргүзүү үчүн лицензиялар жөнүндө маалымат (лицензиялардын көчүрмөлөрүн тиркөө);

Сертификат №СС180015672 менен орто жалпы билим берүү уюму катары статусу бекемделет. Жарактуу мөөнөтү: 15.10.2023-жылга чейин. Каттоо номери 2018\1902 берилген жылы 2018-жыл

- БУнун буга чейинки аккредитациясы жөнүндө маалымат: алгачкы аккредитациялоо (жаңы ачылган БУлар үчүн)

Кезектеги аккредитациялоо (буга чейин аккредитацияланган БУлар үчүн) (аккредитациялоо жөнүндө сертификаттын көчүрмөсүн же шарттуу аккредитациялоо жөнүндө буйруктун көчүрмөсүн тиркөө);

- БУнун дареги, телефон номерлери, факсы, e-mail, веб-сайты.

Билим берүү уюмунун жайгашкан жери жана юридикалык аталышы:
Ош областы Өзгөн району, “Бахмал” айылы. “Бахмал” №45 орто мектеби. Тел: 0772-72-92- 03 Электрондук почтасы: Bahmal-45@mail.ru
Веб-сайты: https://bahmal.mektebim.kg/

1. Минималдуу талаптардын аткарылышын талдоо жана тастыктоочу база

		Өзүн-өзү баалоонун натыйжалары	Тастыкоочу база
1.БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫНЫН МАЗМУНУ ЖАНА ОКУУ-МЕТОДИКАЛЫК КАМСЫЗДАЛЫШЫ			
1.1	Окуу планынын жана программалардын билим берүү стандартынын, базистик окуу планынын талаптарына жана кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө ылайык келүүсү.	Өзүн-өзү баалоонун натыйжалары “Бахмал” №45 орто мектебинин өзүн өзү баалоо боюнча комиссиясы билим берүү программаларынын максаттары жана мазмуну Кыргыз Республикасы жөнүндө жалпы билим берүүчү мектептин мамлекеттик билим берүү стандартына, окуучулардын жана кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө ылайык келери аныктады. Билим берүүнүн мазмунун жаңылоо жолу менен окуучулардын негизги компетенцияларын калыптандыруунун негизинде баланын инсандыгын ар тараптуу өнүктүрүүгө көмөк көрсөтүү менен мектептин бирдиктүү билим берүү чөйрөсүн натыйжалуу туруктуу өнүктүрүүнү камсыз кылат. Окуу процесси окуу планы жана расписание менен жөнгө салынат. Мектептин окуу планы Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2021-жылдын 28-майындагы №869/1 буйругу менен бекитилген жалпы билим берүү уюмунун базистик окуу планынын негизинде кабыл алынган. Бул кызыкдар тараптардын кызыкчылыктары, ошондой эле мектептин педагогикалык курамынын мүмкүнчүлүктөрү жана өзгөчөлүктөрүн, суроо-талаптарын максималдуу түрдө эске алуу.	Окуу планы. Сабактардын жадыбалы. Мугалимдердин окуу жүктөмүн бекитүү боюнча пед.кенешменин протоколу. Базистик окуу план.
1.2	Окуу-методикалык камсыздоонун билим берүү стандартынын талаптарына жана кызыктар тараптардын керектөөлөрүнө ылайык келүүсү.	Мектептин иши мектепти өнүктүрүүнүн стратегиялык багыттарын, өткөн окуу жылынын анализинин жыйынтыгында артыкчылыктуу милдеттер катары аныкталган натыйжаларды ишке ашырууга багытталган: • билим берүү тармагына маалыматтык-коммуникациялык технологияларды киргизүүнү улантуу. ; • жөндөмдүүлүгү жогору балдар менен иштөөнү	Окуу-методикалык материалдардын жана каражаттардын тизмеси. Квалификацияны жогорулатуу курстары жөнүндө

		активдештирүү; • педагогикалык иштерди жалпылоо жана жайылтуу боюнча иштерди улантуу: • мугалимге анын ишинде методикалык жардам көрсөтүү үчүн методикалык кабинетти керектүү маалыматтык материалдар менен толуктоо; • окуучуларды окутуунун сапатын жана мугалимдин педагогикалык чеберчилигин жогорулатуу боюнча иштерди системалуу түрдө жүргүзүү; • онлайн жана офлайн режимдеринде квалификацияны жогорулатуу курстарынан өтүү боюнча мугалимдер менен ишти активдештирүү: • окуу процессинин бардык катышуучуларынын өмүрүнүн жана ден соолугунун коопсуздугун камсыз кылуу боюнча иштерди камсыз кылуу; • окутууда алдыңкы инновациялык технологияларды колдонуу. Алдыга коюлган максаттарга жана милдеттерге ылайык усулдук иштер төмөнкү багыттар боюнча жүргүзүлдү: 1. ОМКны методикалык каражаттар менен толуктоо; 2. Мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу; 3. МТБны жакшыртуу; 4. Усулдук кенештин, методикалык бирикмелердин ишин жакшыртуу; 5. Кызыктуу билимдер базасын иштеп чыгууга окуучуларды тартуу менен методикалык предметтик жумалыктарды өткөрүү. Өзүн өзү баалоо үчүн комиссия окуу процессин окуу-методикалык жактан камсыз кылуу билим берүү программаларына ылайык келерин аныктады. Окуу-методикалык камсыздоо программалык материалды өздөштүрүүнүн талап кылынган деңгээлине жетишүүгө мүмкүндүк	отчет. Сертификаттар. Дипломдор.

		берүүчү предметтин же кандайдыр бир бөлүм боюнча окутуунун мазмунун чагылдырат. Каалаган убакта алардын билим берүү ишмердүүлүгүн көзөмөлдөө жана оңдоо мүмкүнчүлүгүн берет. Анда мектеп жетекчилиги тарабынан билим берүүнүн сапатын көзөмөлдөөнүн мүмкүн болушунча объективдүү ыкмалары камтылган.	
1.3	Жетиштүү маалыматтык ресурстардын (окуучулардын контингентине, анын ичинде окутуу тилдерине карата окуу–методикалык адабияттардын фонду) болушу.	Мектептин өзүн-өзү балоо комиссиясынын китепкана фондун талдоосунун негизинде төмөнкүдөй жыйынтык берди: Бардык окуу китептери КР ББИМ01.09.2020 №699/1 буйругу менен суныш кылынган тизмеге туура келери аныкталды. Талдоо тизмелер жана баяндамалар түрүндө берилет жана алар пед.кеңешмеде жана директордун алдындагы кенешмеде жарыяланат. Китеп менен камсыз болуу 91,78% түзөт.	Китепкана фонду жөнүндө маалымат.
1.4	Билим берүү программасынын жана максатында кызыкдар тараптардын күтүүлөрүн, керектөөлөрүн жана канааттануусун мезгилдүү баалоонун жана маалыматтык коопсуздукту камсыздоонун колдонуудагы механизминин болушу.	Мектепте маалыматтык коопсуздукту түзүү боюнча иш-чаралар болуп төмөнкүлөр саналат:. • балдарга маалыматтык коопсуздуктун негиздерин үйрөтүү, информатика сабагында балдарга маалымат менен иштөө маданиятына багыттоо; • окуучулар жана мектеп жетекчилиги пайдалануу үчүн тармактарды (желе) бөлүү; • маалыматтык коопсуздук боюнча класстык сааттарды, семинарларды өткөрүү.	ТК боюнча. инструкция. “Маалыматтык коопсуздук” темасы боюнча класстык сааттардын иштелмелери.
Күчтүү жактар:		Мектеп ишин оң натыйжалары менен тастыктады. Тактап айтканда башталгыч орус класстардын болушу мектептеги окуучулардын санынын өсүшүнө себеп болду. Ошондуктан бул мектепте окууну каалагандар көп. Маселен, акыркы 3 жылдан бери даярдоо жана биринчи классына 3 төн класс комплект 90 окуучу кабыл алынган. Бул “Бахмал” №45 орто мектебине калктын кызыгуусу жогору экендигин айгинелейт. Билим берүүнүн сапатын жогорулатуу максатында окутуунун активдүү усулдары, кесиптик чеберчиликти, критикалык ой жүгүртүүнү жана социалдык компетенцияны өнүктүрүүнүн инновациялык технологиялары колдонулат. Окуучулар 72% окуу китептери менен камсыз болгон.	
Алсыз жактар:		Окуу-методикалык китептеринин, башталгыч орус класстардын окуу китептеринин (ата-энелери өздөрү сатып алып беришет), 10-11-класстардын окуу китептеринин	

		жетишсиздиги. Айрым окуу китептери эскирген, көркөм адабияттар жетишсиз.	
2. КОМПЕТЕНТТҮҮ ОКУТУУНУ ИШКЕ АШЫРУУ ЖАНА ОКУУЧУЛАРДЫН ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИН БААЛОО			
2.1.	Окутуунун пландаштырылган максаттарынын болушу	Мектептин окутууну жана тарбялоону жакшыртуу планында мектептин максаты коюлган. Мектептин максаты: “Окуу жана материалдык техникалык базаны чыңдоо аркылуу, мугалимдердин кесиптик деңгээлин үзгүлтүксүз жогорулатуу менен окуучуларга сапаттуу билим берүү” . ● Мектептин өнүктүрүү стратегиясын жана окуу-тарбия процессинин системалуулугун камсыздоо; ● Мугалимдердин кесиптик чеберчилигин жогорулатуу менен окуучулардын билим денгээлин көтөрүү; ● Окутуунун ыкмаларын өнүктүрүү жана билим берүүнүн мазмунун терендетүү менен, окуучуларды келечекке татыктуу инсан кылып тарбиялоо; ● Технологиялык каражаттарды пайдалануу менен окуу-тарбия процессинин эффективдүүлүгүн жогорулатуу. Окутуунун максаттары билим берүү уюмунун, метод кенешменин, метод бирикмелердин пландарында жана программаларында белгиленген. Мамлекеттик билим берүүнүн стандартына ылайык келет. Окутуунун максаттары окуучунун позициясына жараша сабактардын пландарында белгиленген мамлекеттик билим берүүнүнү стандартына ылайык келет.	ОТЖП МӨП Мамлекеттик стандарттын негизинде түзүлгөн календардык жана күнүмдүк пландар.
2.2.	Окутуу-тарбиялоо процессинде инновациялык технологияларды жана методдорду колдонуу.	Мектептин 60% мугалимдеринин компьютердик сабаттуулугу бар, дистанттык сабактарды өткөрүүнүн көндүмдөрүн өздөштүрүүгө, видеосабактарды даярдай алышат. Мугалимдердин 60% сабакта компьтердик технологияны колдонот. Алардын 30% интерактивдүү доска менен иштөө көндүмүнө ээ. Мугалимдер сабак өтүүдө, усулдук иштеринде инновациялык технологияларды системалуу түрдө колдонушат. Мугалимдердин окуутунун инновациалык методдорун үйрөткөн	Компьютердик жана медиасабаттуулук боюнча мугалимдерди окутуунун программасы. Окуу бөлүм башчы тарабынан сабактарга катышуу графиги. Онлайн жана офлайн

		прогроммалардан өтүштү: ✓ Сынчыл ойлом Угуучу -5 мугалим, ✓ Инклюзивдүү билим берүү 4 мугалим эмгектенет ✓ Кадам артынан кадам Угуучу -4 мугалим , ✓ Бирге окуйбуз Угуучу-10 мугалим, ✓ Окуу керемет Угуучу-12 мугалим,	окутуунун курстарынын сертификаттары.
2.3.	Окутууну баалоодо жана корректировкалоодо кайтарым байланыш механизминин болушу.	Окутуу жана тарбиялоо процессинде ата-энелерден сурамжылоо, анкета жүргүзүү жана башка кайтарым байланыш алуунун процесси уюштурулган жана талданган. Ар бир ата-эне менен байланыш түзүлүп, өздүк телефондорунан балдардын алган бааларын жана берилген тапшырмалар боюнча маалымат алып турушат. Ар бир класс жетекчи окуучулардын ата-энелери менен группа ачып системалуу түрдө тыгыз байланышта болушат. Педагогдордун ишинин ыкмаларын жана технологияларын корректировкалоо максатында окутуунун натыйжаларын жана сабактарды талдоо жана өзүн-өзү талдоо иши туруктуу жүргүзүлөт.	Анкеталар Өз ара сабакка катышуудагы баалоонун анализдери
2.4	Билим берүү стандартынын талаптарына ылайык окуудагы жетишкендиктерди баалоонун объективдүү жана ачык-айкын системасынын болушу.	Окуучулардын жетишкендиктерин баалоо окуу процессин баалоонун жобосуна ылайык жүргүзүлөт. 2014-жылы кабыл алынган Стандартка ылайык баалоо окуучулардын деңгээлине жараша дифференциалдык түрдө жүргүзүлөт (репродуктивдүү, продуктивдүү, креативдүү). Баалоо 5 баллдык система менен ишке ашырылат. Ар бир предметтин жетишкендиктерин баалоо үчүн түзүлгөн критерийлер окуучу жана мугалим тарабынан биргеликте иштелип чыгат. Мектепте окуучулардын предметтер боюнча	Окуучуларды баалоо системасынын жобосу. Окуучуларды чейректик аттестациялоо, жыйынтыктоочу аттестациялоо жыйынтыктары пед.кенешмеде

		жетишкендиктери жана класстарда жүргүзүлгөн иш-аракеттер такай көзөмөлдөнүп, баа берилип турат. Ар окуу жылында 2 жолу тестирлөө жүргүзүлүп, билим сапатын аныктоочу кыскача тапшырмалар берилет. Бул бардык деңгээлдеги окуучулардын билим сапатын көзөмөлдөөгө, начар окуган жана жөндөмдүү балдар менен дифференциалдуу иш алып барууга мүмкүндүк берет. Окуучулардын билимин баалоо боюнча тесттерди уюштуруу максатында мугалимдер баалоо системасы жөнүндө жобо менен таанышгырылган. Окуу жылынын башында предметтик мугалимдер окуучуларды предметтик окуу планынын негизинде төмөндөгү маселелер боюнча таанышгырышат: предметтик стандарттын талаптары; окуу жылындагы текшерүүлөрдүн түрлөрү; текшерүүлөрдүн көлөмү; баалоо көрсөткүчтөрү.	каралат.
2.5.	Окуучуларга баалоонун колдонулуучу эрежелери, жол-жоболору жана жыйынтыктары, ошондой эле аларды кайра кароонун жол-жоболору жөнүндө маалымдоо системасынын болушу.	Окуучулардын билимин баалоодо алына турган чейректик жат жазуу, текшерүү иштери, лабораториялык-практикалык иштер, тест, срез жана башка жазуу иштери мугалимдердин календардык планында так көрсөтүлгөн. Чейректик жат жазуу, текшерүү иши же тест алуу учурунда окуучуга тапшыруучу ишинин көлөмү, баалоо критерийлери мугалим тарабынан маалымдалып турат, окуу бөлүмү тарабынан көзөмөлгө алынат. Мектептин планына ылайык ар бир предмет боюнча жумалык декадалар жана предметтик текшерүүлөр мектептин ички көзөмөлүндө иш алынып барылат. Жыйынтыктары педагогикалык кенешмеде жана директор алдындагы кенешмеде каралат. Метод кенешмеде талкуу жүргүзүлөт. Ички көзөмөлдүн жыйынтыгы жана мамлекеттик экзамендердин жыйынтыгы “Экзамен тактасында” чагылдырылат. Жыл сайын окуучулар Жалпы Республикалык тестирлөөгө ЖРТ, НЦТ, ЖМА катышат.	Экзамен, тесттердин жыйынтыктары
2.6.	Коопсуз, өнүктүрүүчү жана психологиялык жактан ыңгайлуу билим берүү чөйрөсүн камсыздоо,	Мектепте окуу бөлмөлөрү, окуу залдары, спорт зал кышкысын жылуу. Окуучулардын билим алуусуна жана мугалимдердин иштөөсүнө шарттар түзүлгөн. Стратегиялык планда каралган	МӨП

<table>
<tr><td></td><td>билим берүү процессинде ден соолукту сактоочу ыкмаларды колдонуу.</td><td>балдардын коопсуздугун көзөмөлдөө максатында мектепке 8 видео көзөмөл орнотулган. 2018-жылы мектептин ашканасы дүйнөлүк «Азык-түлүк» программасына өтүп, 3 жылдык келишимдин негизинде 1-4-класстардын окуучуларына ысык тамак берилди. Учурда ушул ысык тамак ата-энелердин колоосу менен улантылып жатат. Мектеп ашканасында толугу менен талапка ылайык шарттар түзүлгөн. Жылуулук системасы эң жакшы деңгээлде иштейт. Абанын тазалыгы камсыздалып, нымдуу уборкалар жүргүзүлүп, тыныгуу убагында желдетүү иштери аткарылып турат. Жугуштуу ооруларды алдын алуу максатында керектүү учурда хлор менен уборка жасалат. Бүгүнкү күндөгү кырдаалга байланыштуу билим берүү тармагынан, айыл өкмөтүнүн жана демөөрчүлөрдүн жардамы менен локтевой дозатор, антисептик, суюк самындар, маска жана бир кол аарчы кагаздар менен камсыз болдук.
Окуучулар арасында сергек жашоо боюнча класстан тышкаркы иштер жана класстык сааттар өтүлүп турат.
Таза суу киргизилген, медицина кызматкерлери менен тыгыз иш алып баруу жагы жолго коюлган.</td><td></td></tr>
<tr><td>2.7.</td><td>Ички жана тышкы баалоонун, системалуу мониторинг жүргүзүүнүн Окуучулардын натыйжаларынын динамикасы.</td><td>Мектеп жетекчиилиги тарабынан окуучулардын билим сапаты жана көрсөткүчү ар чейрек сайын үзгүлтүксүз талданып турат. Окуучулардын билим сапаты жана прогресси боюнча маселе пед.кеңешмеде системалуу түрдө каралып, ЖМА, ЖРТ, олимпиадалардын жыйынтыгы чыгарылат. Билим сапатынын анализи окуу көрсөткүчтөрүнүн туруктуу экенин көрсөтүп турат. Мектеп окуучулары райондук жана областтык масштабда сыйлыктарды алышат.
Мектепте билим сапаты боюнча акыркы 5 жыл ичинде баалонун негизинде мониторинг жүргүзүлүп турат.
2017-2021-окуу жылдарындагы олимпиаданын жыйынтыктары
<table>
<tr><th>№</th><th>Окуу жылдары</th><th>Зоналык ол.</th><th>Райондук ол.</th><th>Обл.олимпиа</th></tr>
<tr><td>1</td><td>2017-2018-о.ж.</td><td>3</td><td>1</td><td>-</td></tr>
</table></td><td>Билим сапатынын жана жетишүүнүн 5 жылдык анализи.
Грамоталар.
Директордун алдындагы отурумдун протоколдору.
Предметтик олимпиаданын жыйынтыгы.
Кубок,медалдар (фото).
ЖРТ нын результаты.</td></tr>
</table>

2	2018-2019-о.ж.	2	-	-	
3	2019-2020-о.ж.	2	-		
4	2020-2021-о.ж	3	1	1	
5	2021-2022-о.ж.	4	1	-	

1. **2020-2021-о.ж.**
   Облусттук турга: Алижанов Баяман –биология ,

ЖРТ нүн жыйынтыгы:

1. 2018-2019-о.ж.
   Таштемиров Мухаммед -145
   Абай уулу Ырыскелди- 120

2. 2019-2020-о.ж.
   Улукбек уулу Талгат – 138
3. 2020-2021-о.ж.
   Кадырбеков Данияр- 133
   Абдыганиев Эрбол- 122

2017-2021-окуу жылындагы жалпы мектептин билим сапаты

№	Окуу жылдары	1-4-чейректин жыйынтыгы
1	2017-2018-о.ж.	34%
2	2018-2019-о.ж.	42%
3	2019-2020-о.ж.	40%
4	2020-2021-о.ж.	39%
5	2021-202-о.ж.	35%

Конкурстар:

- “Манас таануу” интеллектуалдык таймашы Исмаилова Г, Абылкасымова К, Ташполотова Ж. 2022-ж, Өзгөн району 1-орун 1-даражадагы Диплом,
- Ушул эле конкурстун областык туруна окуучуларыбыз катышып, 2-орунду жана республикага жолдомо алышты.
- “Мен Кыргызстандык экендигиме сыймыктанам!” Облустук турда 2-орун 2021-ж Эрмек к. Нускайым

Дипломдордун жана жолдомонун көчүрмөсү.

2.8.	Кызыкдар тараптардын кайрылууларына жана арыздарына таасир этүүнүн иштелип чыккан жана ишке киргизилген жол-жоболорунун болушу.	Мектепте көрүнүктүү жерде “Ишеним почтасы” орнотулган. “ Ишеним почтасы” соц.педагог тарабынан көзөмөлгө алынып турат. Почтаны ачууда атайын акт түзүлүп, алынган кайрылуулар менен түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп турат. Ал эми сырттан келген адамдар үчүн атайын журнал ачылган. Ар бир адам мектептин иш алып баруусу жана билим-тарбия иштери боюнча өз ойлорун жазып кетет. Ошондой эле тарбия иштери боюнча класстан тышкаркы иштердин орун басарынын ИДН менен биргеликте түзүлгөн каттоо журналы түзүлгөн. Кызыкдар тараптардын кайрылууларына кайтарым байланыш жасоонун жол-жоболору иштелип чыккан жана ишке киргизилген. Өзүн-өзү баалоо комиссиясынын жыйынтыгы боюнча мектепте кызыкдар тараптардын арыздарына жана кайрылууларына жооп кайтаруунун төмөнкүдөй жол-жоболору уюштурулганын аныктады: • мугалимге же кызматкерге жазуу жүзүндөгү даттануу; • ишеним почтасы (окуучулар даттанууларды калтырышат); • директордун жеке ватсабына билдирүүлөр келип турат.	Ишеним почтасы боюнча жобо.
Күчтүү жактар:		• Окуучулардын билим алуусуна заманбап шарттардын түзүлүшү; • Окуучулардын билиминин системалуу бааланышы; • Ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген окуучулардын билим алуусуна шарттардын түзүлүшү; • Окутуу-тарбиялоо процессинде инновациялык технологияларды жана методдорду талапка ылайык колдонуусу; • куучулардын олимпиада, ар кандай иш чараларга, сынактарга, спорттук иш чараларга катышып көрсөткүчтөргө ээ болуусу; • Окуучулардын билимин баалоонун ачык айкын маалымат берилиши;	

		Өзүн-өзү баалоонун натыйжалары	Тастыктоочу база
Алсыз жактар:		• Айыл жергесинде окуучулар үчүн ийримдердин аз болушу; • 9-класстан мыкты окуучулардын окуу жайларына кетиши; • Заманбап технологиялардын жетишсиздиги.	
3.КАДРДЫК САЯСАТТЫН ЭФФЕКТИВДҮҮЛҮГҮ			
3.1	Педагогикалык персоналдын квалификациясынын жана билиминин билим берүү программасына шайкеш келүүсү.	Мектепте жалпы 33 педагогикалык кызматкер эмгектенет. • Билими жогорку-25 мугалим • Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнүн мыктылары-4 мугалим Мектептин педагогикалык жамааты чыгармачылык менен иштешет, штаттан тышкары иштегендер жок. Мугалимдердин 60%ы персоналдык компьютерди билсе, алардын баары сабакта КТИрин колдонушат, 30%ы интерактивдүү доска менен иштөө көндүмүнө ээ жана практикада эффективдүү колдонушат. Алардын көпчүлүгү дистанттык сабак өтүү, видеосабактарды даярдоо жана өтүү көндүмдөрү боюнча, баалоонун түрлөрүн максаттуу пайдалануу боюнча окуулардан өтүшкөн. Мектеп кадр менен толук камсыздалган, программа толук көлөмдө аткарылып жатат. Жыл сайын ОМБӨИда квалификацияны жогорулатуу курстарынан өтүү үчүн заявка өз убагында берилет.	Курска заявкалар. Педагогикалык кадрлардын сапаттык курамы. Грамоталар. Күбөлүктөр. Сертификаттар. Кызматтык нускамалар.
3.2	Физикалык жана психологиялык коопсуз чөйрөнү, ошондой эле билим берүү процессинин катышуучуларынын өз ара мамилелерин баалоону, анын жыйынтыгы боюнча чечимдерди кабыл алууну камсыздоочу механизмдин жана жол-жоболордун болушу.	Мектепте физикалык жана психологиялык коопсуз чөйрөнү камсыз кылуу үчүн педагогдор менен ата-энелер ортосунда келишимдер түзүлгөн. Анкета түрүндө алынып физикалык коопсуздук боюнча имараттын коопсуздугу, бөлмөлөрдүн жарыктандырылышы, кабинеттердин жылуулугу, желдетилиши, таза суу менен камсыз болушу, мебелдердин коопсуздугу ата-энелер, жергиликтүү бийлик менен кайрылуулардын, маек жүргүзүү, проблемаларды суроо жоп аркылуу аныктап алып, мектептин өнүгүү планына (стратегиялык планга) киргизилген,	Социалдык-психологиялык жагымдуу чөйрөнү түзүү боюнча жылдык пландар түзүлгөн. Эвакуациялык план 1-2-

		айрым учурда тез кабыл алуу педагогдордун чогулушунда чечилет. Балдардын ден соолугун коргоо, жугуштуу ооруларды алдын алуу үчүн мед.кызматкери менен мониторинг жүргүзулүп турат. Социалдык педагог анкета жүргүзот жашыруун кутуча пайдаланылат,ар бир айда комиссия курамы менен ачылып протокол түзүлот. Ар кандай психологиялык коопсуздукту алдын алуу үчүн кутуча ичиндеги койгойлор ата эне, окуучу менен бирдикте маек жүргүзүүү менен чечилет. ИДН кызматкерлери менен ай сайын чогулуштар өтүлүп түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп турат, мектепте коопсуздугу үчүн 8 видеокөзөмөл орнотулган. Мектептин өнүгүү планында каралган «Ачык эшик» жумалыктары өткөрүлүп турат. Социялдык психологиялык байкоо соцпедагог тарабынан жүргүзүлүп турат. Ата-эне жана окуучулардан психологиялык сурамжылоолор жүргүзүлөт. Өрт коопсуздугу боюнча мектепте талапка ылайык 3 щит орнотулган. Анда керектелуучу шаймандар толугу менен камсыздалган. 2021-2022-окуу жылында орт коопсуздугу боюнча тузулгон пландын негизинде 2 штук огнетущитель жаны алынып, жаныртылды. План эвакуация талапка ылайык жаныртылган.	кабаттарда илинген.
3.3	Педагогикалык кадрларды үзгүлтүксүз кесиптик өнүктүрүү, алардын квалификациясын жогорулатуу жана мотивациялоо системасынын болушу.	Мектепте үзүлтүксүз кесиптик өнүгүү сиситемасын жана педагогдордун райондук, облустук, улуттук деңгээлде квилификациясын жогорулатууга жана кесиптик өнүгүүсү директор тарабынан бекитилген окуу жылына карата графиктин негизинде ишке ашырылат. Кесиптик өнүктүрүү: • мугалимдердин сабак берүү методикасын жакшыртуу жана жардам берүү максатында уюштурулган педагогикалык өнөркана тарабынан ишке ашырылат, коллективдин 100% камтылат. • насаатчы мугалимдердин жаш адистерге системалык түрдө методикалык жардам берүү иш аракеттери (М: 2021-2022-окуу жылында 9 жаш адиске 9	Насаатчылардын жылдык пландары. Маалыматтары. урска барган угалимдердин аалыматтары.

		тажрыйбалуу насаатчы бекитилген). • кыска мөөнөтү тренингдерге, конференцияларга, семинарларага, долбоорлорго жумуш ордунан үзгүлтүксүз коллективдин 30% катышып өз кесиптик чеберчилигин өнүктүрүп, мектепте усулдук отурумдарда тажрыйба алмашышат. • акыркы 5 жылда ОМБӨИда квалификациясын жогорулатуу райондук билим берүү бөлүмүнө берилген заявкага ылайык ар окуу жылында жалпы мугалимдердин 10% түзөт. • предметтик мугалимдер ийкемдүү график менен билим берүү жана илим министрлиги, Кыргыз билим берүү Академиясы, эл аралык уюмдар тарабынан уюштурулган билим берүү программаларын камтыган дисттандык жана онлайн курстарга катышат. Жыл сайын окуу жылынын башталышында мектеп райондук билим берүү мекемесине заявка берет, ага ылайык мугалимдер квалификациясын жогорулатуу курстарынан өтүшөт. Ошентип, 5 жыл ичинде жалпы коллектив ОМБӨИда квалификациясын жогорулатты. Мектепте жаш кадрлар менен иштөө борбору уюштурулган, аны директордун илимий иштер боюнча орун басары А.К.Турсунбаева жетектейт. Ошентип, ар бир жаш мугалимге иш кагаздарын жүргүзүүгө, сабактарды жана класстан тышкаркы иш-чараларды өткөрүүгө жардам берген насаатчы дайындалат жана графикке ылайык кесиптик чеберчиликти өстүрүү багытында насаатчылар тарабынан семинар-тренингдер уюштурулуп турат. Кесипттик чеберчилигин өнүктүрүп, жогорудагы курстарга катышып келген бир эле мектептин деңгээлинде гана тажрыйбаны жайылтат.	
Күчтүү жактар:		• Педагогикалык кадрларды үзгүлтүксүз кесиптик өнүктүрүү, алардын квалификациясын жогорулатуу боюнча үзгүлтүксүз иш жүрүүсү; • Педагогикалык жамааттын потенциялынын компетенттүүлүгү жана билимдүүлүгү;	

		• Жаш мугалимдердин насаатчылар менен коштолуусу; • Чыгармачыл мугалимдердин болушу, алардын ар кандай карoo-сынактарга, спорттук мелдештерге катышуусу; • Б.Мурзубраимов атындагы технологиялык институттан, өзгөчө башталгыч класстарга билим берүү бөлүмдөрүнөн студенттер тынымсыз кесиптик, үйрөтүүчү, педагогикалык практикага келишип өз билимин өркүндөтүп жатышат;	
Алсыз жактар:		• Жергиликтүү кадрлардын жетишсиздиги (себеби мектеп шаар менен айылдын ортосунда жайгашкан); • Орус тилдүү кадрлардын жетишсиздиги; • Жаш мугалимдерге көрсөтүлүүчү жардамдын аздыгы; • Билимдүү кадрлардын мектепке кызыгуусунун жоктугу; • Орус тилдүү, билимдүү, кучтүү кадрлардын мектепке келбей жатышы.	
4.МАТЕРИАЛДЫК-ТЕХНИКАЛЫК БАЗА			
4.1	Билим берүү процессинин катышуучуларына, анын ичинде ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга жеткиликтүү болгон окуу имараттарынын жана материалдык ресурстардын (жабдылган окуу класстары, лабораториялар, компьютердик класстар, спорт зал) болушу.	Окуу процессинин эффективдүүлүгүн жогорулатуу, алдынкы инновациялык методдорду өз деңгээлинде колдонуу максатында гимназияда жетиштүү санда 1.Окуу кааналарынын саны 19 2.Класстан тышкаркы иштер боюнча кааналар -1 3. Спорт зал 1, аянты 270,25 $м^2$ 4.Спорт аянтчасы 1, аянты 4800 $м^2$ 5.Компьютерлердин саны-17 6.Ноутбуктардын саны -10 7.Принтерлердин саны- 2, ксерекс- 1 8.Мультимедиалык проекторлордун саны-2 9.Интерактивдүү доска -2даана 10.Интернет -2 түйүн байланыш 11.Лаборатория -2 каана 12.Мед.пункт- 1каана 13.Ашкана мугалимдер жана окуучулар үчүн -1 16.Видеокөзөмөл -8 даана орнотулган 17.Санузел ички -4 каана 18. Туалет сырткы -2 19.Компьютердик класс -1	Жыл сайын өткөрүлгөн инвентаризация боюнча маалыматтар, фото материалдар, Ош-1 , ИСУО, башка статистикалык отчёттор Инвентаризациялоо боюнча маалымат (фото материалдар)

		20. Китепкана-2 Окуучуларга бир канча сабактан тышкаркы тереңдетилген ийримдер иш алып барат. Бул багытта иш алып баруу боюнча атайын кабинет даярдалып, база түзүлгөн. Учурда мектеп талапка жооп берет. Кышкысын жылуу, жарык балдар үчүн ыңгайлуу шарттар түзүлгөн. Жогорку билимдүү мугалимдер менен камсыз болгон. Материалдык базаны чындоонун үстүндө иш жүрүп жатат. Мектептин китепканасынын фондунда 5000 ашык окуу, методикалык жана көркөм чыгарма адабияттары бар. Китепкананын окуу залы бир учурда 20 окуучуну кабыл ала алат. Китепканада жогорку билимдүү адистиги бар мугалим эмгектенет. Мугалимдер үчүн методикалык китептер, колдонмолор жетиштүү. Ар бир предметтик каана керектүү эмеректер менен толук камсыз болгон, алар балдардын жаш өзгөчөлүгүнө денеенин туура өсүшүнө жооп берет. Мектепте тамактануу: 1. жалпы окуучулар үчүн ашкана бар. Мектепте медициналык бөлмө бар жана жеткиликтүү: • аптечка • антисептикалык каражаттар • кушетка • шкаф • мед кызматкердин иш планы, графиги түзүлгөн. Негизинен мектеп мамлекеттик билим берүү уюму болгондуктан каржылоо республикалык бюджеттен жүргүзүлөт. Ар окуу жылына карата альтернативалуу же болбосо, ата-энелердин камкорчулук кеңешинин жардамы менен жана башка демөөрчүлөрдүн жардамы менен келген каражаттарга мектеп тарабынан жылдык каржылоо пландары түзүлөт. Ал пландар ата-энелер менен биргеликте түзүлүп, ата-энелер комитетинин башчысы менен макулдашылып	

		мектептин директору тарабынан бекитилет. Ал пландын аткарылышын көзөмөлдөө ата-энелер комитети тарабынан жүргүзүлөт. Чарбалык иштер боюнча каржылоо негизинен жергиликтүү бюджеттин эсебинен жүргүзүлөт.	
4.2.	Билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугунун Эпидемиологиялык жана гигиеналык эрежелер жана ченемдер,өрткө каршы коопсуздук, эмгекти коргоо жана коопсуздук техникасынын эрежелери)	Экологиялык багытта иш пландар түзүлүп, жашылдандырып-көрктөндүрүү иштери ар жыл сайын жүргүзүлүп келет. Мектептин айланасына теректер, ак кайыңдар, арчалар жана роза гүлдөр тигилген. Санитардык-эпидемиологиялык- бул багытта атайын буйруктар чыгып, санитардык-гигиеналык нормаларды сактоо көзөмөлгө алынган. Өрткө каршы иштер, иш-чаралар түзүлүп, эвакуациялык пландар иштелип чыккан. Өрт коопсуздугу боюнча щит-3 даана, суу кампасы-1.	Ата-энелер комитеттеринин чогулушунун протоколдору, кабыл алган чечимдери
4.3.	Материалдык-техникалык базаны жана маалыматтык ресурстарды жакшыртуу боюнча ишти топтоо, баалоо, талдоо жана пландоо механизминин болушу.	Бул багытта мектептин өнүктүрүү планы иштелип чыккан. Өнүктүрүү тобу пландын ишке ашуусун көзөмөлдөп баалоо жүргүзүп турат. Материалдык-техникалык базаны чындоодо айыл өкмөттүн, ата-энелердин камкорчулук кеңешинин ролу чоң . (Акыркы 3 жылда мектепке керектүү мебелдер, жалюзилер, планшеттер, видеокөзөмөл менен толукталды. Бул иштердин бардыгы ата-энелердин камкорчулук кенеши, айыл өкмөт аркылуу жүргүзүлөт жана көзөмөлдөнөт.	Өнүктүрүүчүлүк план аткарылган жумуштар боюнча жыйынтык отчеттор. Камкорчулук кенештин банктагы киреше -чыгаша эсептери.
Күчтүү жактар:		• Адабий китептерди окуу үчүн окуу залынын жабдылышы; • Мектеп ашканасынын талапка ылайык жабдылышы; • Окуу-тарбия иштеринде жаны технологияларды колдонуу мүмкүнчүлүгү; • Материалдык базаны чындоо үчүн долбоорлор менен иш алып баруу; • Демөөрчүлөрдүн жылдан жылга көбөйүшү	

Алсыз жактар:	Мектеп имаратынын кичинелиги. Кубаттуулугу 275 орундуу болсо, жылдан-жылга окуучунун саны көбөйүп, учурда 572 окуучу окуп жатат. ● Проектор , интерактивдуу досканын жетишсиздиги; ● Кабинеттердин жетишсиздиги; ● Актовый залдын жоктугу. ● Китепканадагы окуу залынын тардыгы

4. Корутунду

Жүргүзүлгөн өзүн-өзү баалоонун негизинде комиссия ыйгарым укуктуу органдан программалык аккредитациядан өтүү үчүн документтерди жиберүүнү сунуштайт.

Комиссиянын төрайымы: Тутуева А.

Комиссиянын мүчөлөрү:

Турсунбаева А. – окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары

Ташматова А - соц педагог

Чомоева Ш – тарбиялык иштерди уюштуруучу

Абжапарова А – кесиптик бирлик уюмунун төрайымы

Эргешева П - орус тили жана адабияты мугалими

Ерматова А -“Билим” усулдук бирикме жетекчиси

Саипова Б -“Исскуство жана маданият” усулдук бирикме жетекчиси

Хасанова Т - информатика мугалими

Матраимова Ж – башталгыч класс мугалими

Ормонова В – ата-энелер комитетинин төрайымы